DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2023

*Бийгелдиева Н.А.*

# ТЕКСТТИК КАТЕГОРИЯНЫН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК ЖАНА ФУНКЦИОНАЛДЫК-СТИЛИСТИКАЛЫК АСПЕКТИДЕ ИЗИЛДЕНИШИНИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

*Бийгелдиева Н.А.*

# ОБЩАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ИССЛЕДОВАНИЯ ТЕКСТОВОЙ КАТЕГОРИИ В ФУНКЦИОНАЛЬНО-СЕМАНТИЧЕСКОМ И ФУНКЦИОНАЛЬНО-СТИЛИСТИЧЕСКОМ АСПЕКТАХ

*N. Biygeldieva*

# GENERAL CHARACTERISTICS OF THE STUDY OF THE TEXT CATEGORY IN THE FUNCTIONAL-SEMANTIC AND FUNCTIONAL-STYLISTIC ASPECTS

*УДК: 4С (кир)*

*Макалада тексттик категорияга функционалдык-семантикалык жана функционалдык-стилистикалык аспектиде изилдөө жүргүзүлөт. Мындан традициялык, формалдык, таксономиялык изилдөөнүн чегинен чыгууга карата болгон аракет байкалат. Функционалдык-семантикалык категория (ФСК) тилдик бирдиктердин ар түрдүү деңгээлдеринин (морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоочулук, лексикалык) биригүүсүн, алардын милдеттеринин бирдейлигинен бири-бири менен байланышта кызмат өтөрүн, белгилүү бир семантикалык категорияга таянарын көрсөтөт. Ал эми функционалдык семантикалык-стилистикалык категория (ФССК) тексттик болуп саналат, андыктан тексттин тигил же бул ар түрдүү жалпы маанилүү, параметралдуу б.а. категориалдуу белгилерин аныктайт, алар өз учурунда стилистикалык аныктоого ээ тексттеги кептик системалуулуктун өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Изилдөөнүн объектиси болуп, толук бүткөн текст эсептелинет жана тексттин тиби үстүрттөн (тилдик) көрүнөт, анын стилистикалык-кептик жактан уюшулушу экстралингвистикалык шартта пайда болот. ФССК стилистикалык-кептик системалуулукту мүнөздөйт, ал тигил же бул кептик ар түрдүүлүктүн стилистикалык өзгөчөлүгүн, тексттик типтин, же өзүнчө толук бүткөн чыгарманын стилистикалык-тексттик тибине – инвариантка карата болгон мамилесин көрсөтөт.*

***Негизги сөздөр:** категория, функционалдык-стилистика, традициялык, формалдык, таксономиялык, параметралдуу, категориалдуу, кептик системалуулук, парадигма.*

*В статье рассматривается категория текста в функционально-семантическом и функционально-стилистическом аспектах. Это свидетельствует о попытке выйти за рамки традиционных формальных таксономических исследований. Функционально-семантическая категория (ФСК) указывает на совокупность разноуровневых (морфологических, синтаксических, словообразовательных, лексических) языковых единиц, которые служат в связи друг с другом в силу сходства своих задач и опираются на определенную смысловую категорию. А функциональная семантико-стилистическая категория (ФССК) является текстовой, так что текст имеет то или иное важное, параметрическое, т.е. определяет категориальные признаки, которые одновременно указывают на особенности систематизации речи в тексте со стилистической детерминацией. В качестве объекта исследования рассматриваются целостный и поверхностный (лингвистический) типы текстов, его стилистико-словесная организация возникает во внеязыковых условиях. ФССК характеризует стилистико-речевую систематичность, которая показывает стилистическую особенность той или иной речевой разновидности, отношение типа текста, или стилистико-текстового типа отдельного законченного произведения к инварианту.*

***Ключевые слова:** категория, функционально-стилистическая, традиционная, формальная, таксономическая, параметрическая, категориальная, речевая системность, парадигма.*

*The article deals with the category of text in the functional-semantic and functional-stylistic aspects. This indicates an attempt to go beyond traditional formal taxonomic studies. The functional-semantic category (FSC) indicates a set of multi-level (morphological, syntactic, word-forming, lexical) linguistic units that serve in connection with each other due to the similarity of their tasks and rely on a certain semantic category. And the functional semantic-stylistic category (FSSC) is textual, so the text has one or another important, parametric, i.e. defines categorical features that simultaneously indicate the features of the systematization of speech in a text with stylistic determination. As an object of research, holistic and superficial (linguistic) types of texts are considered, its stylistic and verbal organization arises in extralinguistic conditions. FSSC characterizes stylistic-speech systematicity, which shows the stylistic feature of a particular speech variety, the relationship of the type of text, or the stylistic-text type of a separate finished work to the invariant.*

***Key words:** category, functional-stylistic, traditional, formal, taxonomic, parametric, categorical, speech systemicity, paradigm.*

Акыркы он жылдыкта тил илимин коммуникативдик-функционалдуу парадигманын түзүлүшүнө карата ылайыкташтыруу жана лингвистиканын тексттин стилистикасынын өнүгүү процессине байланыштуу окумуштуулардын тексттик категорияларды (ТК) изилдөөгө кызыгуусу артты.

Тилдик системанын эң жогорку деңгээли катары текстти таануу – лингвисттерди конкреттүү тексттин өзгөгүндө эмне жатат, кандай форманын негизинде жаралат, кандай эрежени сактайт сыяктуу суроону чечүүгө багыттоодо.

Тексттик категориянын бул актуалдуу көйгөйүнө карабастан, алар жөнүндө маселе толук кандуу изилденип бүтө элек. Ага философиялык аныктаманы окумуштуу И.Р. Гальперин берген: “Философия – илимдердин илими, ал башка илимдердин жаралышынын фундаменти” [3, 13-б.].

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Категориянын философиялык түшүнүгү алгач, тил илимине чукул бурулуш жасап, грамматикалык түшүнүк деген статуска ээ болот [5,6,8]. Грамматиканын областында “категория” деген түшүнүк жаралып, аны форманын белгиси катары иштеп чыгуу талабы коюлду [3, 13-б.].

Категория түшүнүгүн аныктоодо, бир топ анын структуралык-тилдик жагына басым жасашат.

Алар тилде өзгөчө функционалдык жана семантикалык жактан бириккен ар түрдүү деңгээлдин тилдик бирдиктеринин системаларын “сөздөрдүн грамматикалык категориясы” жана “сөздөрдүн конструкциясынын грамматикалык категориясынын” деңгээлинде гана көргүсү келбейт, аны терең изилдөөгө алышат [6, 23-б.].

Лингвистикалык анализдин натыйжасы (О.Есперсендин окуусу жана И.И. Мещаниновдун теориясы) көргөзгөндөй, категория түшүнүгү – бул семантикалык ар кыл деңгээлдин жаралышы, ал “лексиканы семантикалык жагынан, синтаксисти сүйлөмдүн түзүлүшүнөн жана сөздөрдү морфологиялык жактан түзүүдөн” ачып көрсөтөт [7, 197-б.].

И.И. Мещанинов бардык тилдик деңгээлдердин каражаты катары тилдин өзүн эсептейт. Е.В. Гулыга жана Е.И. Шендельс, мейкиндик теориясы жөнүндөгү белгилүү изилдөөлөргө (В.Г. Адмони жана Г.С. Щур) таянып, лексикалык-грамматикалык мейкиндик деген түшүнүктү киргизет.

Тексттик категорияга азыркы тексттин лингвистикасы жана стилистикасында ар түрдүү аныктама берилип келет. А.В. Бондаркону концепциясындагы категория – функционалдык-семантикалык категория (ФСК), же функционалдык-семантикалык мейкиндик жөнүндө окуу [1].

Тилдик каражаттардын ар түрдүү деңгээлге биригиши алардын жеке лингвистикалык милдет аткаруусунун негизинде болот [11, 33-34-бб.]. Мисалы, жөндөмөнүн милдети, аныктоочтун милдети ж.б. ФСКнын мазмунунун планында алгач түшүнүк, б.а. грамматикалык категориялар билдирген аналогиялык түшүнүктөр жаралат, билдирүү планы тилдик ар түрдүү деңгээлдерге тиешелүү болгон тилдик каражаттар аркылуу сунушталат. Бул тилдик бирдиктер мейкиндик принциби менен уюшулат, б.а. аларда борбор жана анын периферриясы (үстүрт бөлүгү) болуу мүнөздүү. ФСКнын структурасы мейкиндикти билдирет, алар бири-бири менен тыгыз байланышта болгон аракеттен жаралып, кандайдыр бир жактан кайчылашкан “микромейкиндик” түзүшөт.

Грамматикалык категориялар белгилүү бир топту түзүү менен бири-бирине катмарлашат [4]. Тактап айтканда, ФСК – текстке гана мүнөздүү эмес, көбүнчө грамматикалык категория болуп саналат.

А.А. Бондаркону концепциясы тексттик категория боюнча иликтөөгө өзгөчө стилисттик-тексттик планда чоң стимул болот. ФСК түшүнүгүн грамматикадан эмес, толук көркөм чыгарманын тексттинин деңгээлинде чечет, анын бири-бири менен байланышкан ички моделдин – формалдык, семантикалык жана функционалдык-стилистикалык үч белгиси аны мейкиндик структура катары көрсөтөрүн айтат [1].

В.К. Гречко, Н.Д. Зарубина, М.Н. Кожина, Т.В. Матвеева, З.Я. Тураева, Н.А. Слюсарева ж.б. көрүнүктүү баскычта ФСКнын багытын аныкташкан. Алардын ичинен И.Р. Гальперин, Т.В. Матвеева, М.Н. Кожина, А.Н. Мороховский, Е.В. Сидоров, В.А. Сергия, З.Л. Тураева, И.Я. Чернухина ж.б. лингвистердин эмгектеринен категория түшүнүгүн функционалдык-грамматикалык багытта каралганын көрөбүз.

Өзгөчө илимий резонансты И.Р. Гальпериндин “Текст как объект лингвистического исследования” (1981) аталыштагы монографиясы жаратты, анда тексттин дистинктивдүү (так) белгилерине анализ илимий негизде жасалып, категория түшүнүгүнө илимий статус берилет. И.Р. Гальперин дайыма тексттин типологиясын функционалдык стилдик жактан жана акыркы жанрдык дифференциядан көрөт, “текст – “уюмдашкан арал”, ал – кеп ишмердүүлүк процессинде объективдештирилген, толук бүткөн чыгарма” деп белгилеп, ТКнын аныктамасын тексттик түшүнүктөн чыгарат.

Окумуштуу изилденген категорияны грамматикалык деп атайт, бирок “грамматика” терминин кенен мааниде көрсөтөт, кандайдыр бир закон ченемде “уюшулбаган тилдик форма өңдөнүп көрүнгөн билдирүүнү байкабоо – бул жаратылыштык кубулуштун маанисин аңдообо” [3, 523-б.].

Жогоруда айтылгандан, И.Р. Гальперин тарабынан аныкталган категория – текстке мүнөздүү болуп (кандай гана текст болбосун), жалпы категориянын акырына чейин ар дайым өз милдетин аткарган категория экенин көрөбүз.

Азыркы лингвистикада И.Р.Гальпериндин тексттик категорияга жасаган ачылыштары тексттик лингвистиканын өнүгүү багытын (Кручина 1982; Майданова 1984; Тураева 1986; Чернухина 1987; Матвеева 1992; Воробьева 1993; Москвадагы лингвистикалык университеттин илимий эмгектердин жыйнактары ж.б.) шарттайт.

З.Я.Тураева И.Р.Гальперинге улай, “ТК – тексттин бардыгына жарай турган түшүнүктүү универсалы” деп атап, ага таксономикалык (классификациялык) жана квалитативдик (сапаттык) анализ жүргүзөт, автор ал үчүн көркөм тексттин материалын изилдөөнүн объектиси кылып алат.

ТК түшүнүгүндө анын формалдык жагы терең байланышта интерпретацияланат жана тексттин ички мазмуну менен карым-катышта болуп, ага ыңгайлашат.

А.Н. Мороховский жана В.А. Сергиянын пикири

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



боюнча, тексттик менен тилдик категориялар окшош, аны тексттин үстүрт абалында жайгашкан кубулуштарды саноодон көрөт, ошондой эле аларда гносеологиялык жана онтологиялык категориялардын аралашуусу мүмкүн экенин билдирет.

А.Н. Мороховский: "Тексттин категориясынын астында ар түрдүү жеке (милдеттүү жана факультативдүү) белгилер түшүнүлөт, алар категориалдык даражага алып чыгылат, анын сапаттуу өзгөчөлүгү аныкталат, жалпыланган бардык кептик бирдиктердин белгилери болуп көрүнөт" [11, 5-б.].

Тексттин сапаты коммуникативдик ишмердүүлүктүн өз ара байланышкан модели катары ыңгайлашкан абалдан көрүнөт [10, 23-б.]. Бул концепциянын автору тексттин жогорку категориясы катары анын коммуникативдүүлүгүн эсептейт, ал бир канча жеке (системалуу, функционалдуу жана системалуу-тилдик) категорияларга таянарын айтат. Бардык тексттик категорияларда, автордун оюу боюнча, текстти ар тарапка бурат жана аны жалпыланган системага байлайт, анда текст өз милдетин аткарат.

Т.В. Матвееванын (1990) эмгегинде категорияны философиялык түшүнүүдөн алыстатып, анын "текст түшүнүгүн моделдөөгө катышкан жалпы белгилерин (касиет, параметр) аныктап берет, б.а. бардык текстке таандык болуп, ансыз бирөө да жаралуу жөндөмүнө ээ боло албаган типологиялык белгини көрсөтөт, текст бир эле категория менен түзүлбөйт, дайыма алардын жыйындысы аркылуу моделделинет [6, 43-б.]. Демек, текст – автордун негизги оюн жеке ашырган коммуникативдик детерминизмге негизделген кеп.

Окумуштуу ТКнын түрлөрүн аныктоодо, тексттеги өз ара байланышкан мамилени, коммуникативдик актыны чагылышын, уюштуруучулар субъект жана адресатты, кептин предмети жана адресатка билдирүүнүн ыгын, тексттик мейкиндик жана убакытты, ошондой эле үч информациялык программаны (баалоочулук, рационалдык жана прагматикалык) негиз кылып алат. Бул изилдөөнүн баалуулугу – толук бүткөн тексттин коммуникативдик жаратылышынын аспектисинде изилдөөсү, ал тексттин типологиялык белгилеринин изилдениши менен да тыгыз байланышта болот.

Бул эмгекте ТКнын ар түрдүү функционалдык стилде болгон өзгөчөлүгү – анын бир катар вариантында тигил же бул стилде билдирилген жалпы тексттик инварианттын бар экенидиги да аныкталып берилет. Биздин изилдөөбүздүн максатынын ишке ашуусуна түрткү болгон башкы себеби – Т.В. Матвееванын изилдөөсүндө, функционалдык стилдердин ар бирин салыштырып кароону стилдик модификациянын аспектисинде чечет, анын ичинде көркөм стиль да каралат.

Тексттик категория түшүнүгү (И.Р. Гальперин, Т.В. Матвеева,

З.Я. Тураева ж.б.) эмгектерде тексттин типологиялык белгилеринин (касиет жана параметр) аспектисинде кароо, коммуникативдик актыны эсепке алуу менен аныкталып берилет. Андан сырткары, ТКга анализ жүргүзүү толук тексттин (чыгарманын) материалында, стилистикалык идентификациялоо максатында ишке ашырылган.

Аны изилдөөнүн дагы бир багыты – ФСКга сунуш кылынган типологиялык белгилерге жана сызыктык түзүлүшкө таянып иш баштоо, анын чындыкта ишке ашкан (потенциалдуу эмес) коммуникациянын, кенен контексттин, кептик баарлашуунун реалдуулугунун үстүрт жакка багытталганы [3, 13-б.].

Категорияны бул максатта анализдөөнүн башкы критерийи болуп, стилистикалык маани саналат. Ал ар түрдүү деңгээлдеги тилдик каражаттардын бириккен жыйындысынан туруп, бирдиктүү коммуникативдик дайындоонун баарлашуусунун максатынын, тилдик каражаттын жана башка акыркы жана спецификалуу айтымдардын маңызында ишке ашат.

ТК өзгөчө фунционалдык-стилистикалык мамиледе ишке ашат, тигил же бул функционалдык стилдин экстралингвистикалык негизинде маалым болот. Бул категориялар функционалдык семантикалык-стилистикалык категория (ФССК) деп аталат.

ФССК функционалдык-коммуникативдик, б.а. лингвистикалык – функционалдык-стилистикалык мамиледе жаралат, аларды окуп-үйрөнүү статикалык аспекте (тексттин натыйжасында), ошондой эле тексттик түзүлүштү чагылдырган жана коммуникант-тардын таануу ишмердүүлүгүн түшүндүргөн принциптерди чагылдырууда ишке ашат.

М.Н. Кожина белгилегендей, ФССК – тексттик категориянын өзгөчө тиби, башкалардан айырмалаган белгиси – аларды изилдөөчү өзгөчө стилистикалык-функционалдык аспектиси.

ФСК грамматикалык мааниге жана ылайык келүүчү түшүнүктүү категорияга, ал эми ФССК болсо, тигил же бул баарлашуу чөйрөдөгү конкреттүү коммуникативдик максатка, функционалдык-стилдик кесипкөйлүккө, анын стилдик касиетине жана экстралингвистикалык негизге таянат, мындан экстралингвистикалык факторлорду (борбордон алыс – үстүрт бөлүгү) эсепке алуу керек, ФССК мейкиндик түзүлүшкө ээ, анын уюшулуу принциби ФСКдан башкача – ар түрдүү деңгээлдик каражат семантикалык-грамматикалык принцип менен эмес, функционалдык-стилистикалык жактан жаралат. Мындан ФССКнын борбор жана мейкиндик аныктамасына негиз түзүлөт – бул функционалдык-стилистикалык маани жана функция, ошондой эле алардын жаралуусунун жыштык каражаты.

Демек, ФССК ар түрдүүү деңгээлдеги каражаттардын (текстти кошуп) системасын көрсөтөт, алар

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



бүтүн бир текстте (бир функционалдык стилдеги тексттин түрүндө) бири-бири менен тыгыз байланышта болушат, бирдиктүү коммуникативдик милдетти аткарышат, белгилүү бир тексттин дал келүүчү функционалдык стилинин өкүлү катары тигил же бул категориалдык белгисин жаратышат. Бул категориянын бөлүнүп чыгуусу жана негизделиши экстралингвистикалык факторлорго шартташат, анда башкы орунду субъектүү-объекттик мамиле ээлейт.

Изилдөөнүн объектиси болуп, толук бүткөн текст эсептелинет жана тексттин тиби үстүрттөн (тилдик) көрүнөт, анын стилистикалык-кептик жактан уюшулушу экстралингвистикалык шартта пайда болот. ФССК стилистикалык-кептик системалуулукту мүнөздөйт, ал тигил же бул кептик ар түрдүүлүктүн стилистикалык өзгөчөлүгүн, тексттик типтин, же өзүнчө толук бүткөн чыгарманын стилистикалык-тексттик тибине – инвариантка карата болгон мамилесин көрсөтөт.

Функционалдык стилистиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири – стилистикалык-кептик системалуулук [2].

Тексттик тегиздиктеги тилдик бирдиктердин ар түрдүү деңгээлинен функционалдык-семантикалык байланышты көрүү, экстралингвистикалык негизге шартталган кептик ар түрдүүлүккө туура келүү жана жалпы коммуникативдик жөндөмдү (бул чөйрөдө) аткаруу, аталган группадагы тексттин тилдик ар түрдүүлүгү (тексттен сырткары), жаратуучу жана көрүнүүчү болгон стилдик өзгөчөлүктүн байланышы, аларды башкалар менен салыштыруу жана жалпы стилдик касиетке ээ болуусу – ФССКнын системалуулугунун өзгөчө жактары, алардын бири-бири менен болгон карым-катышы системалуулуктун өзөгүн түзөт.

**Адабияттар:**


1. Бондарко А.В. К проблеме функционально-семантических категорий / А.В. Бондарко // Вопросы языкознания. – М., 1967. – №2. – С. 437-462.
2. Бийгелдиева Н.А. Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы / Н.А. Бийгелдиева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Б., 2020. - №6. – С.295-298.
3. Гальперин И.Р. Ретроспекция и проспекция в тексте / И.Р. Гальперин // Филологические науки. – М.,1980. – № 5. – С.44-52.
4. Кожина М.Н. К основаниям функциональной стилистики / М.Н. Кожина. - – М., Пермь, 1969. – 252 с.
5. Колшанский Г.В. Коммуникативная функция и структура языка / Г.В. Колшанский. – М.: Наука, 1984.
6. Матвеева Т.В. Функциональные стили в аспекте текстовых категорий. Синхронносопоставительный очерк. / Т.В. Матвеева. - Свердловск: Изд-во Урал, ун-та, 1990.
7. Мещанинов И.И. Понятийные категории в языке / И.И. Мещанинов // Труды Военного института иностранных языков. – М., 1945. – № 1. – С. 5-15.
8. Чемоданов Н.С. К вопросу о философской основе лингвистической теории / Н.С. Чемоданов. // Сб. науч. тр. МГПИР1Я им. М.Тореза. – М., 1976. – № 3. – С.239
9. Слюсарева Н.А. Синтаксис и морфология в свете функционального подхода / Н.А. Слюсарева // Филологические науки. – М., 1984. –№ 5. – С.36-42.
10. Сергия В.А. Лингвистика текста: Автореф. дисс. ... д-ра филол. наук. / В.А.Сергия. - Тбилиси, 1989.
11. Мороховский А.Н. К проблеме текста и его категорий / А.Н. Мороховский // Текст и его категориальные признаки. Сб.науч.тр. - Киев: Изд. КГПИИЯ, 1989. - С.3-8.
12. Бийгелдиева Н.А. Метатекст – конвергенция результатов открывшихся вокруг самого текста. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 267-270